***DOI:10.26104/NNTIK.2023.31.83.024***

*Өмүрзаков С.А., Тагаева Б.А.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МАМЛЕКЕТТИК КОЛДООНУН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА ЧАРАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ӨНУКТҮРҮҮ МЕХАНИЗМДЕРИ

*Омурзаков С.А., Тагаева Б.А.*

# ФОРМЫ И МЕРЫ ГОСУДАРСТВЕННОЙ ПОДДЕРЖКИ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И МЕХАНИЗМЫ ИХ СОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ

*S. Omurzakov, B. Tagaeva*

# FORMS AND MEASURES OF STATE SUPPORT FOR AGRICULTURE OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND MECHANISMS FOR THEIR IMPROVEMENT

*УДК: 3.33.330.34*

*Макалада айыл чарбасын мамлекеттик колдоонун изилдөөнүн негизинде авторлор тарабынан аныкталган формалары жана чаралары схематикалык түрдө көрсөтүлүп, аларды өнүктүрүүнүн конкреттүү механизмдери сунуш түрүндө берилген. Авторлор айыл чарбасынын мамлекетибиздин экономикасынын эң маанилүү тармактарынын бири экендигин негиздөө менен анын мамлекеттин тамак-аш коопсуздугун камсыз кылуудагы ролун ачып көрсөтүшту. Айыл чарбасынын экономикалык, саясий гана эмес, жагымсыз жаратылыштык факторлордон да көз карандылыгын ачып көрсөтүү менен бул тармакты мамлекеттик колдоону өнүктүрүүнүн зарылдыгын белгилешкен. Колдоо көрсөтүүнүн багыттары катары агрокамсыздандырууну жана лизингдин жардамында айыл чарбасын техникалык жабдууну аныкташкан. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын акыркы мезгилдеги көрсөткүчтөрүнө кыскача талдоо жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгында темага байланышкан конкреттүү сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:** айыл чарбасы, улуттук экономика, тамак-аш коопсуздугу, мамлекеттик колдоо, агрокамсыздандыруу, тобокелдер, лизинг, насыя.*

*В статье схематически представлены формы и меры государственной поддержки сельского хозяйства, определенные авторами на основе исследований и конкретные механизмы их развития, представленные в виде предложений. Авторами обосновано то, что сельское хозяйство является одной из важнейших отраслей национальной экономики и раскрыта его роль в обеспечении продовольственной безопасности страны. Выявив зависимость сельского хозяйства не только от экономических и политических факторов, но и от неблагоприятных природных факторов, они указали на необходимость развития государственной поддержки данной отрасли. В качестве направлений поддержки были определены агрострахование и техническое оснащение сельского хозяйства с помощью лизинга. Проведен краткий анализ последних показателей сельского хозяйства Кыргызской Республики. В результате исследования даются конкретные рекомендации, относящиеся к теме.*

***Ключевые слова:** сельское хозяйство, национальная экономика, продовольственная безопасность, государственная поддержка, агрострахование, риски, лизинг, кредит.*

*The article schematically presents the forms and measures of state support for agriculture, determined by the authors on the basis of research and specific mechanisms for their development, presented in the form of proposals. The authors substantiate that agriculture is one of the most important sectors of the national economy and reveal its role in ensuring the country's food security. Having identified the dependence of agriculture not only on economic and political factors, but also on adverse natural factors, they pointed out the need to develop state support for this industry. Agricultural insurance and technical equipment of agriculture through leasing were identified as areas of support. A brief analysis of the latest indicators of agriculture in the Kyrgyz Republic is carried out. As a result of the research, specific recommendations related to the topic are given.*

***Key words:** agriculture, national economy, food security, state support, agricultural insurance, risks, leasing, credit.*

Айыл чарбасы улуттук экономиканын эң маанилүү тармактарынын бири болуп саналат. Анын абалы мамлекеттин азык-түлүк көз карандысыздыгын жана экономикалык коопсуздугун аныктайт. Аталган тармак бүгүнкү күндө өндүрүштүк, каржылык жана саясий тобокелдердин жогорку деңгээлине кабылган. Бул агрардык өндүрүштүн өзүнө тиешелүү болгон мүнөздүү тобокелдер менен кошо алганда тармакты өнүктүрүүгө багытталган туруктуу мамлекеттик колдоонун жана тескөөнүн жана мамлекеттин агрардык чөйрөдөгү саясатын өркүндөтүүнүн зарылдыгын баса белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин маалыматтарына ылайык, 2023-жылдын январь-август айларында айыл чарбасы тарабынан 204,1 млрд сомдук дүң продукция өндүрүлдү. 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу реалдуу өсүш темпи 98,5% түздү. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында айыл чарба тармагынын ички дүң продукциянын түзүмүндөгү салыштырмалуу салмагы 9,1% түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу – 0,16% төмөндөдү [1]. Мындай терс динамика айыл чарба продукциясын өндүрүү жаатындагы жетишкендиктерге карабастан, өнүгүүнү басаңдатып жаткан бир катар көйгөйлөр бар экендигин белгилейт. Ушул себептерден улам мамлекеттик тескөө стратегиялык максаттарга жетүүнүн зарыл болгон

куралдарынын бири катары каралуу менен биздин изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун көрсөтөт.

Макалабыздын максаты айыл чарбасын мамлекеттик тескөөнүн формаларын жана аларга ылайык көрүлүүчү иш-чаралардын маңызын ачып берүү саналат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн түрдүү аспекттерин изилдөө жаатындагы илимий басылмаларды талдоо айыл чарба тармагын мамалекеттик тескөө биринчи кезекте өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга багытталган айыл чарба продукциясын өндүрүүнү жана сатууну ишке ашырышкан субъекттердин ишмердүүгүнө таасир этүү формаларынын жана чараларынын татаал тутумун түзөөрүн көрсөттү. 1-сүрөттө айыл чарбасын тескөөнүн формаларынын түзүмүн көрө алабыз.

Айыл чарбасын мамлекеттик тескөөнүн укуктук формасы айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жана сатуунун тартибин аныктаган мыйзамдык актыларды түзүү жана кабыл алуу аркылуу ишке ашырылат. Мында мамлекеттик тескөөнүн укуктук формасы административдик жана экономикалык таасир этүү механизмдерин регламенттештирүү менен туюнтулат.




**1-сүрөт.** Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын мамлекеттик тескөөнүн формалары.

Айыл чарбасын мамлекеттик тескөөнүн административдик формасынын маңызы тармакты өнүктүрүүнүн ченемдик көрсөткүчтөрүн түптөөдө, айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу чөйрөсүндөгү ишмерүүлүктү жүргүзүү эрежелерин жана жол-жоболорун аныктоодо турат. Жыйынтыгында административдик тескөө уруксат берүү, мажбурлоо же тыюу салуу чараларын колдонуу аркылуу жүргүзүлөт [4].

Айыл чарбасын мамлекеттик тескөөнүн экономикалык формасы – нарктык баага ээ болгон жана дем берүүчү функцияны аткарган механизмдерди жана чараларды колдонууну көздөйт.

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын мамлекеттик тескөөнүн чаралары 2-сүрөттө көрсөтүлдү. Мамлекеттик тескөө чаралары түз жана кыйыр мүнөзгө ээ, бирок бир нече булактарда экономист-окумуштуулар таасир этүүнүн аралыктан колдонулуучу куралдарын бөлүп көрсөтүшөт. Алсак, түз таасир этүү чаралары мыйзамдуулуктун так сакталышын камсыз кылууга арналган, анткени аларды колдонуу чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн анык бир аспекттерине карата өз алдынча чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жок экендигин тастыктайт.




**2-сүрөт.** Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын мамлекеттик тескөө чаралары.

Ошол эле учурда мамлекеттик тескөөнүн кыйыр чаралары айыл чарба ишканаларына иштөөнүн тигил же бул шарттарын тандоо мүмкүнчүлүгүн берет, б.а. кыйыр мүнөздөгү таасир этүү чаралары аркылуу мамлекет айыл чарба өндүрүшүнүн өсүүсүнө дем берүүчү жагымдуу факторлорду түптөйт. Аралыктан көрүлүүчү чаралардын максаты болуп, айыл чарбасын өнүктүрүү динамикасын тескөөдө эмес, аларга кандайдыр бир даражада өлкөдөгү айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу жараяндарына таасирин тийгизүүнү шарттайт [6].

Айыл чарба өндүрүшүн мамлекеттик тескөө – өлкөнүн агрардык потенциалын күчөтүүгө тоскоол болуп жаткан бир катар факторлорго жараша тармакты өнүктүрүүнүн объективдүү зарылчылыгын белгилейт.

Биринчиден, айыл чарбасы биринчи кезекте башкарууга мүмкүн болбогон жаратылыштык-климаттык факторлордун таасири астында иштеген тармактардын бири болуп саналат. Андыктан мамлекет жагымсыз жаратылыштык-климаттык шарттардын айынан жабыр тартышкан өндүрүүчүлөргө колдоо көрсөтүүсү керек. Мамлекеттик колдоонун бул жаатындагы чараларынын бири болуп, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн, көп жылдык мөмөлүү бак-дарактарды, жаныбарларды жана суу жаныбарларын камсыздандыруу саналат [2, 76-б.]. Шарттуу түрдө муну агрокамсыздандыруу деп атоого болот.

Айыл чарбасын камсыздандыруу айыл чарба өндүрүүчүлөрү айыл чарбасындагы тобокелдерди жумшартуу жана башкаруу үчүн колдонулушу керек болгон маанилүү курал болуп саналат, анткени бул тобокелдер айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына гана эмес, агробизнес продукттарынын наркын түзүү чынжырчасына да таасир этет. Бул чынжырчадагы бардык кызыкдар тараптар, б.а. акыркы керектөөчүгө чийки заттарды жеткирүүдөн баштап каржылык институттар, мамлекеттик органдар, чийки заттарды иштетүүчүлөр, сатып алуучулар, айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрү – ушулардын бардыгы бул тобокелге кабылышы мүмкүн. Ушуларды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №31 токтом менен бекитилген «Өсүмдүк өстүрүүчүлүктөгү камсыздандыруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган [7].

Бирок, тилекке каршы, агрардык тармакты камсыздандыруу ишмердүүлүгү колдонууга ээ боло албады. Кыргызстандагы 15 камсыздандыруу уюмдарынын ичинен үчөөсү гана бүгүнкү күндө түшүмдү камсыздандырууга лицензиясы бар, бирок алар деле бул ишти камсыздандыруучулардын санынын аздыгынан жүзөгө ашырбай келишет.

Айыл чарбасын камсыздандыруунун учурдагы тутуму айыл чарба өндүрүүчүлөрүн түшүм ала албай калган учурларда каржылык жактан коргоону камсыз кыла албагандыгынан 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасындагы камсыздандыруу жөнүндө» мыйзамынын долбоору иштелип чыгып талкууга коюлган эле. Сунуш кылынган бул долбоор айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн каржылык туруктуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берүүчү айыл чарбасын камсыздандырууну өнүктүрүүгө багытталган [3]. Тилекке каршы, арадан 2 жыл өткөнүнө карабастан, бул багытта алгылыктуу иштер жасалган да жок, жылган да жок.

Биздин оюбузча, агрокамсыздандырууну мамлекеттик колдоонун натыйжалуу моделин түптөө үчүн төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:

1) бардык камсыздандыруучулар жана камсыздануучулар үчүн айыл чарбасын камсыздандыруу рыногунда бирдей жеткиликтүүлүктү жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуучу укуктук-ченемдик базаны түзүүнү;

2) мамлекеттик колдоо концепциясын кеңейтүүнү;

3) каржылык жардамдарды берүү тартибин өзгөртүүнү.

Экинчиден, айыл чарба продукциясын өндүрүү, ага жумшалган чыгымдардын өзүн актоосунун узак мөөнөтү менен айырмаланат, андыктан айыл чарба уюмдарынын көпчүлүк бөлүгү каржылык ресурстардын жетишсиздигин баштан өткөргөндүгүнүн айынан, төлөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөн деңгээли менен мүнөздөлөт. Натыйжада, материалдык-техникалык камсыздоого болгон баалардын өсүүсүнүн шарттарында агрардык ишканалардын каржылык абалы коркунучка кабылууда. Ушуга байланыштуу, биздин оюбузча, мамлекет айыл чарба өндүрүшүн колдоо багытында төмөнкү иштерди ишке ашыруусу зарыл:

– агрардык сектордогу жеңилдетилген лизинг берүү – бул лизинг берүүчү тарабынан лизинг алуучунун лизингдик төлөмдөрүн төлөй албай калган учурда ала албай калган кирешелеринин ордун толтуруу;

– жеңилдетилген насыялоо – мунун маңызы айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөргө анык бир критерийлерди сакташкан учурда жеңилдетилген пайыздык чен менен насыяларды берүү;

– транспорттук жеткирүүлөргө, экспорт учурунда бажылык төлөмдөргө да жеңилдетилген тарифтерди орнотуу;

– айыл чарба өндүрүш объекттерин түзүүгө же модернизациялоого кеткен түз сарптоолордун бир бөлүгүн компенсациялоо ж.б. [5].

Ал эми агрокамсыздандыруу жаатында биз жогоруда белгилеп кеткен сунуштарыбызга айыл чарбасын өнүктүрүүнү мамлекеттик колдоонун төмөнкү чараларын кошумчалайбыз:

– айыл чарба тобокелдерин камсыздандыруунун атайын программасын иштеп чыгуу;

– айыл чарба өндүрүшүн каржылоонун көлөмүн көбөйтүү максатында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк формаларын киргизүү;

– айыл чарба тармагында ишмердүүлүк жүргүзүшкөн бардык субъекттер үчүн мамлекеттик насыялардан сырткары чет элдик инвестициялардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

– айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн техникалык көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында атамекендик айыл чарба техникасын өндүрүү өнөр жайын жолго коюу.

**Корутунду.** Жогоруда белгилеп өткөн жагдайларга жана сунуштарыбызга коомдун да, мамлекеттин да түздөн-түз кызыгуусу болушу керек. Анткени алар айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн каржылык туруктуулугун колдоого багытталган. Ал эми мындай колдоо аларга жагымсыз климаттык шарттарга карабастан өзүнүн ишмердүүлүгүн улантуусу үчүн чоң ишеним жана стимул болот.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин расмий сайтынын маалыматтары. Жеткиликтүүлүк режими: https://mineconom.gov.kg/ky/post/9594
2. Павлишин Б.И. Государственная поддержка развития АПК в России. / Б.И. Павлишин, М. Х. Барчо. Вектор экономики. – 2021. – №10(64). – № 34.
3. Кабар агенттигинин маалыматтары: Кыргызстанда агрокамсыздандырууну түзүү пландаштырылууда. Жеткиликтүүлүк режими: https://kabar.kg/news/v-kyrgyzstane-planiruiut-sozdat-agrostrakho vanie/
4. Аюпов А.Н., Джумадилов Т.М., Уметова А.Д. Национальная экономика. / Учебник. / Часть 1. – Бишкек, 2016.
5. Абдымаликов К. Экономика Кыргызстана (на переходном этапе). / Учебник. - Бишкек, 2007.
6. Абдымаликов К. Экономика Кыргызстана. / Учебник. / 2-е изд., исправленное и дополненное. – Бишкек, 2010.
7. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана региондорду өнүктүрүү министрлиги, Кыргыз Республикасын агрардык өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки Концепциясы. – Бишкек, 2021.
8. Омурзаков С.А., Абдыкадыров С.К. Роль информационных технологий в повышении конкурентоспособности сельскохозяйственных предприятий. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 7. С. 149-151.